*УДК:415:494. 3*

*Алманбетова Н. А.*

# БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН БӨЛҮНҮШҮ

*Алманбетова Н. А.*

# ОТНОШЕНИЕ В КОМПЛЕКСЕ РАССТАВАНИЕ ПРЕДЛОЖЕНИЯ

*N. A. Almanbetova*

# ATTITUDE IN THE COMPLEX DISTRIBUTION OF THE OFFER

**Аннотация:** бул илимий макала кыргыз тил илиминде багыныңкы байланыштагытатаал сүйлөмдөрдүн бөлүнүшүнөарналат.

**Негизги сөздөр:** сүйлөм, татаал сүйлөм, кыргыз тил илими, синтаксистик байланыш, ээ, баяндооч, айкындооч мүчөлөр, толук жана өксүк, жайылма жана жалаң сүйлөмдөр, багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү.

**Аннотация:** данная статья посвящена изучениютипов сложноподчиненныхпредложений в кыргызском языкознании.

**Ключевые слова:** предложение, сложное предложение, кыргызское языкознание, синтаксическая связка, подлежащее, сказуемое, второстепенные члены, полное и неполное предложение, распространенные и нераспространенные предложения, придаточное предложение.

**Annotation:**This article is dedicated to the division of complex sentences in Kyrgyz language studies.

**Key word:**sentences, complex sentence, Kyrgyz linguistics, syntactical bundle, subject, predicate, secondary members, complete and incomplete sentence, common and unextended sentence, subordinate clause.

Тексттик лингвистика жалпы тил илиминде бир кыйла кеңири иликтенген. Бирок кыргыз тил илиминде ал кийинки кездерде гана С. Өмүралиеванын, Б. Усубалиевдин, Т. Маразыковдун, Ж. Мамытовдун, С. Мусаевдин, Т. Аширбаевдин жана башкалардын эмгектеринде колго алына баштаган. Ошондой болгону менен азыркы убакка чейин кыргыз тил илиминде да, жалпы эле түркологиядада татаал сүйлөмдөр функционалдык-стилистикалык жактан жеткиликтүү изилдене элек. Бул илимий ишимкайсы бир деңгээлде бул боштукту толтурат деген ойдомун.

Ар бир тилдинсинтаксиси, профессор Т. Аширбаев белгилегендей, ошол тилдин сөз айкашын, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрүнүн курулушун, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрүнүн жана сөз тизмектеринин, сүйлөмдүн жалпы маанисине карата алган модалдык же кошумча маанилерин изилдейт.

Азыркы учурда бирден бир көйгөйлүү маселелердин бири кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдү, анын ичинен багынычтуу татаал сүйлөмдөрдү классификациялоо жана анын стилистикалык мүнөздөлүшүн изилдөө болуп саналат. Ошону менен бирге эле татаал сүйлөмдүн түгөйлөрү туюнткан маанилер жана аларды берүүнүн жолдорун аныктоо да максатка ылайыктуу.

Багынынкысүйлөмдөрдүн стилистикалыкжактан бөлүштүрүлүшү жөнүндө азырынча маалыматтар жокко эсе. Ошого карабастан бул илимий эмгегимде ушул маселенин тегерегинде сөз кылууга аракет жасайм.

Багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн түгөйлөрү жөнүндө сөз кылуудан мурда бул терминдин пайда болушуна дакайрылсак. “Багыныңкы сүйлөм” деген термин алгачкы жолу XIX кылымдын биринчи жарымындагы грамматисттердин эмгектеринен кездешет. Алар А. Х. Востоковдун “Русская грамматика” жана Н. И. Гречтин “Практическая русская грамматика” деген эмгектери болгон.

А. Х. Востоков өзүнүн аталган эмгегинде мындай деп жазган: “Вместо одного определительного или дополнительного слова может присовокуплено быть к подлежащему или к сказуемому целое предложение придаточное”. Мына ушул айтылган ой менен багыныңкы сүйлөмдү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жайылма түрү катарында карап келишкен. Ал эми Н. И. Греч болсо ушул эле көз карашты колдоп жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн үч тибин аныктаган:1) зат атоочтук; 2) сын атоочтук;

3) бышыктоочтук (тактоочтук).

Андан кийин Н. И. Гречтин сунуштаган бул классификациясыИ. И. Давыдовдун изилдөөлөрү менен толукталган жана такталган. Ал дагы үч типке бөлүштүргөн: толуктагыч, аныктагыч жана бышыктагыч. Бул классификациянын негизинде багыныңкы сүйлөмдөрдүн багындыруучу грамматикалык каражаттары байламталар жана байламталуу сөздөр экендиги аныкталган.

Андан кийинки багыныңкы сүйлөм жөнүндөгү окууну Ф. И. Буслаев өнүктүргөн. Буслаевдин классификациясы боюнча багыныңкы сүйлөмдөр ээлүү, толуктоочтуу, аныктоочтуу жана орун, мезгил, сыпат, өлчөм, себеп, негиз, амал, максат, шарттуу, карама-каршы, салыштырма бышыктоочтуу сүйлөмдөр деп бөлүнөт [Буслаев, 1859].

Н. И. Греч жана И. И. Давыдов сыяктуу эле Ф. И. Буслаев менен А. Х. Востоковдор багыныңкы сүйлөмдүн толук жана кыскарган формаларын айырмалаган.

Кийинки грамматисттердин классификациясы багыныңкы сүйлөмдөрдү формалдык-грамматикалык белгилерине карата бөлүштүрүүгө туура келет.

Д. Н. Овсянико-Куликовский багыныңкы сүйлөмдөрдү төмөнкүдөй эки топко бөлүштүргөн:1) ээлүү багыныңкы сүйлөм, баяндоочтуу багыныңкы сүйлөм, толуктоочтуу багыныңкы сүйлөм;2) бышыктоочтуу багыныңкы сүйлөмдөр (байламталуу сөздөн баштап, ат атоочтуу тактоочторго чейин)[Овсянико-Куликовский, 1912, 300].

Багынычтуу татаал сүйлөмдөрдүн түгөйлөрү тууралуу кыргыз тил илиминде А. Жапаровдун төмөнкүдөй пикирине токтолсок: “... багыныңкы сүйлөмдөр баш сүйлөмдөргө карай ар кыл мүнөздөгү катыштарда болуп, баш сүйлөмдөрдүн түркүн-түркүн кырдаалын билдирип, ошол катыштарына ылайык аткарган синтаксистик милдеттеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша: мезгил багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм, шарттуу багыныңкы сүйлөм, салыштырма багыныңкы сүйлөм, каршы багыныңкы сүйлөм, сыпат багыныңкы сүйлөм, өлчөм багыныңкы сүйлөм, амал багыныңкы сүйлөм болуп, ич ара тогуз түргө бөлүнөт да, андан кийин составдык өзгөчөлүктөрүнө карай бир өңчөй багыныңкы сүйлөм, тике жана кыйыр багыныңкы сүйлөм, кыстырынды жана тике сөз болуп, дагы төрт түргө ажырайт” [Жапаров, 1979, 308].

Белгилүү тилчи-методист Б. Өмүралиев өзүнүн “Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы” деген эмгегинде татаал сүйлөмдөрдүн төмөнкүдөй түрлөрүн атап көрсөтөт: байламтасыз жана байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр (Өмүралиев, 1990, 139, 145). Ошондой эле алардын түрлөрүнүн бөлүнүшү жогорудагы тилчинин пикирине туура келет.

Багынычтуу татаал сүйлөмдүн классификациясы ар бир тилдин өзгөчөлүгүнө жараша чечилүүгө тийиш. Ошого байланыштуу кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөрдүн

классификациялоо маселесине келгенде да, окумуштуулардын ар түрдүү, келише албаган, талаш-тартыш пикирлери бар экендигине ынанабыз. Алардын бири профессор Б. Өмүралиев "Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы" [ - Ф.:Мектеп, 1991] деген китебинде багыничтуу татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрүн төмөнкүдөй түрлөргө бөлүштүрөт: мезгил, орун, максат, шарттуу, карама-каршы, салыштырма, себеп, сыпат багыныңкы сүйлөм [160-182-беттер]. Ал эми өлчөм багыныңкы сүйлөм тууралуу сөз болбойт.

Мындан башка профессор А. Жапаров "Кыргыз тилинин синтаксиси" [- Ф., 1979] деген эмгегинде багыничтуу татаал сүйлөмдөрдү сегиз түргө ажыраткан: мезгил, себеп, максат, шарттуу, каршы, сыпат, салыштырма, өлчөм багыныңкы сүйлөмдөр. Ал эми орун багыныңкы сүйлөмдү өлчөм багыныңкы сүйлөмдүн бир түрү катарында караган [Жапаров, 1979, 295].

Менин оюмча, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү мезгил, себеп, максат, шарттуу, карма-каршы, сыпат, салыштырма, сан-өлчөм, орун багыныңкы сүйлөмдөр деп тогузга бөлүү туура деп ойлойм.

Бул иликтөөдөкыргыз тилинин материалдарын иликтөө аркылуу айрым илимий жалпылоолорду чыгарууга аракеттендим. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр формалдык-структуралык курамына карай типтештирилгени менен, алардын табиятын аныктоо сыяктуу маселелери али да тактала элек. Багыныңкыбайланыштагы татаал сүйлөмдөр маселеси илимий эмгектерде жана окуу куралдарында түрдүүчө мүнөздөлөт.

**Адабияттар:**


1. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Фрунзе: Мектеп, 1979
2. Жапаров А. Синтаксический строй кыргызскогоязыка. Т 1-2. - Бишкек: Мектеп, 1992.
3. Өмүралиев Б. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы Ф.:Мектеп, 1991
4. Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2 бөлүк. Синтаксис. YIII- IX класстарүчүн. - Бишкек: Мектеп, 1999.


**Рецензент: к. филол. н., доцент Каратаева С. К.**